КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

ТОКТОМ

2026-жылдын 02-октябры, №56 Барскоон айылы

Барскоон айылынын таза суу долбоору жөнүндө

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" КРнын мыйзамынын 34-беренесине ошондой эле Барскоон жергиликтүү кеңешинин регламентин жетекчиликке алып, айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыковдун маалыматын угуп жана талкуулап, туруктуу комиссиялардын корутундусунун негизинде Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. "Гал-Проект жоопкерчилиги чектелген коомунун таза суу долбоору жактырылсын жана Барскоон айылына таза-суу долбоорун киргизүүгө макулдук берилсин.
2. Кабыл алынган чечимге ылайык мыйзам чегинде иш алып баруу, жагы Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы А.С.Калыковго милдеттендирилсин.
3. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
4. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин муниципалдык менчик, жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага **Ч.А.Ажыбеков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 2 нуска